Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

ӨРКИН-ТОО

Шейшемби,
2025-жылдын
28-октябры

№82 (3738)

www.erkin-too.kg

Президент Жапаров АКШга барат

Президент Садыр Жапаров Вашингтондо өтө турган “АКШ – Борбор Азия” (С5+1) саммитине барат. Мамлекет Башчынын басма сөз катчысы Аскат Алагөзов Президенттин Администрациясы Садыр Жапаровдун АКШга болгон иш сапарына даярдык көрүү боюнча иштерди жүргүзүп жатканын билдирди. С5+1 форматындагы саммитке Кыргызстандын, Казакстандын, Тажикстандын, Өзбекстандын жана Түркмөнстандын мамлекет башчылары чакырылган. 2023-жылы Нью-Йоркто АКШнын ошол кездеги Президенти Жо Байден менен Борбор Азия мамлекеттеринин лидерлеринин биринчи саммити өткөн.

ЭНЕРГЕТИКАЛЫК КООПСУЗДУК ТҮП-ТАМЫРЫНАН ӨЗГӨРӨТ

Президент Садыр Жапаров Кыргызстан эки жарым жылда электр энергиясын импорттобой каларын Жалал-Абад облусундагы “Кара-Көл” ГЭСинин ачылышында билдирди. Мамлекет Башчысы өлкө боюнча 40ка жакын ГЭС жана Кара-Кечеге курулуп баштаган жылуулук электр борборунун курулушунун бүтүшү менен Кыргызстанда өндүрүлгөн электр жарыгы жалпы керектөөнү жаба тургандыгын белгиледи. “Алдыда тарыхый мааниге ээ болгон “Камбар-Ата-1” ГЭСинин курулушу жүрүп жатат. Бул кылым курулушун – улуттук масштабдагы долбоорду ишке ашырууда эл аралык каржы уюмдары биз менен кызматташууга даяр. Учурда биз “Камбар-Ата-1” ГЭСин курууда бардык күч-аракетибизди жумшап жатабыз. Азыр даярдык иштери: жолдорду куруу, көпүрө салуу, электр кубатын жеткирүү, курулуш шаарчасын куруу жана башка иштер жүрүп жатат. Буйруса, бул долбоордун ишке ашуусу менен өлкөбүздүн энергетикалык коопсуздугу түп-тамырынан өзгөрөт. Биз энергияны импорт кылган өлкөдөн кетип, экспорт кылган мамлекетке айланабыз” - деди Жапаров. Президент “Кара-Көл” ГЭСи боюнча инвестициялык макулдашуу 2023-жылы түзүлүп, сентябрда курулушу башталганын, курулуш мөөнөтүнөн 5 айга эрте бүткөнүн, бул долбоорду “Жагалмай” компаниясы ишке ашырганын билдирди. Келишимге ылайык, компания өзү ГЭСти 15 жыл иштетип, кийин толугу менен мамлекетке өткөрүп берет. Президент мамлекет бул тармакта инвесторлор менен кызматташууга даяр экенин белгилеп, жергиликтүү ишкерлерди кызматташууга чакырды.

ПАРЛАМЕНТТИК ДИПЛОМАТИЯНЫН РОЛУ БЕЛГИЛЕНДИ

Жогорку Кеңештин Төрагасы Нурланбек Тургунбек уулу Дипломатия кызматкерлеринин күнүнө байланыштуу Парламенттин аппаратындагы эл аралык кызматташтык жана протокол бөлүмү менен эл аралык иштер, коргоо, коопсуздук жана миграция боюнча комитетинин кызматкерлерин кабыл алды.

Анда Төрага кызматкерлерди кесиптик майрамы менен куттуктап, Кыргызстандын тышкы саясатын өнүктүрүүдө парламенттик дипломатиянын ролу өтө чоң экенин белгиледи. “Мамлекеттер аралык келишимдердин жана макулдашуулардын бардыгы Жогорку Кеңештин кароосунан өтүп, ратификация болгондо гана ийгиликтүү ишке ашырылат. Андыктан, эл аралык байланыштарга тиешелүү документтерди мыйзамдык жактан бекемдеп, аларды толук иштеп чыгууда сиздердей адистерибиздин салымы зор” – деди ал. Өлкөнүн эл аралык алакалары тууралуу учкай кеп кылган Төрага Кыргызстан көп векторлуу саясат жүргүзүп, коңшу мамлекеттер жана башка өнөктөш өлкөлөрдүн бардыгы менен тыгыз кызматташууга кызыкдар экендигин кошумчалады. “Сиздер мамлекетибиздин Тышкы иштер министрлиги менен бирге учурдагы кырдаалга жана чакырыктарга ылайык парламенттик дипломатиянын мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу аркылуу эл аралык байланыштарыбызды өнүктүрүү боюнча жигердүү иш алып баруунуздар кажет. Араңарда парламенттик алаканы гана кеңейтүүгө салым кошпой, элчиликтерде иштеп, эл аралык диалогду чыңдоого да көмөк көрсөтө алгыдай дараметтеги тажрыйбалуу адистер бар экенин билем” – деген Нурланбек Тургунбек уулу алдыңкы кызматкерлерге Жогорку Кеңештин сыйлыктарын тапшырды.

"Эркин-Тоо" пресс

2024-ЖЫЛДЫН 26-ДЕКАБРЫНДА САНКТ-ПЕТЕРБУРГ ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН 2014-ЖЫЛДЫН 29-МАЙЫНДАГЫ ЕВРАЗИЯ ЭКОНОМИКАЛЫК БИРЛИГИ ЖӨНҮНДӨ КЕЛИШИМГЕ ТЕРИШТИРҮҮЛӨРДҮ ЖҮРГҮЗҮҮДӨ ЖАНА АТАЙЫН КОРГОО, ДЕМПИНГГЕ КАРШЫ ЖАНА КОМПЕНСАЦИЯЛЫК ЧАРАЛАРДЫ КОЛДОНУУ ЖЕ КОЛДОНБОО ЖӨНҮНДӨ ЧЕЧИМДЕРДИ КАБЫЛ АЛУУДА ӨЗГӨЧӨ МЕХАНИЗМГЕ ТИЕШЕЛҮҮ БӨЛҮГҮНДӨ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ ПРОТОКОЛДУ РАТИФИКАЦИЯЛОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

2025-жылдын 24-сентябрында
Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган

1-берене

2024-жылдын 26-декабрында Санкт-Петербург шаарында кол коюлган 2014-жылдын 29-майындагы Евразия экономикалык бирлиги жөнүндө келишимге териштирүүлөрдү жүргүзүүдө жана атайын коргоо, демпингге каршы жана компенсациялык чараларды колдонуу же колдонбоо жөнүндө чечимдерди кабыл алууда өзгөчө механизмге тиешелүү бөлүгүндө өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу протокол ратификациялансын.

2-берене

Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги жогоруда аталган Протоколдун күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылгандыгы жөнүндө Евразия экономикалык комиссиясына кабарласын.

3-берене

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Президенти С.ЖАПАРОВ

Бишкек ш., 2025-жылдын 24-октябры, №234

ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

О РАТИФИКАЦИИ ПРОТОКОЛА О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В ДОГОВОР О ЕВРАЗИЙСКОМ ЭКОНОМИЧЕСКОМ СОЮЗЕ ОТ 29 МАЯ 2014 ГОДА В ЧАСТИ, КАСАЮЩЕЙСЯ ОСОБОГО МЕХАНИЗМА ПРИ ПРОВЕДЕНИИ РАССЛЕДОВАНИЙ И ПРИНЯТИИ РЕШЕНИЙ О ПРИМЕНЕНИИ ИЛИ НЕПРИМЕНЕНИИ СПЕЦИАЛЬНЫХ ЗАЩИТНЫХ, АНТИДЕМПИНГОВЫХ И КОМПЕНСАЦИОННЫХ МЕР, ПОДПИСАННОГО 26 ДЕКАБРЯ 2024 ГОДА В ГОРОДЕ САНКТ-ПЕТЕРБУРГЕ

Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики
24 сентября 2025 года

Статья 1

Ратифицировать Протокол о внесении изменений в Договор о Евразийском экономическом союзе от 29 мая 2014 года в части, касающейся особого механизма при проведении расследований и принятии решений о применении или неприменении специальных защитных, антидемпинговых и компенсационных мер, подписанный 26 декабря 2024 года в городе Санкт-Петербурге.

Статья 2

Министерству иностранных дел Кыргызской Республики уведомить Евразийскую экономическую комиссию о выполнении Кыргызской Республикой внутригосударственных процедур, необходимых для вступления в силу вышеуказанного Протокола.

Статья 3

Настоящий Закон вступает в силу по истечении семи дней со дня официального опубликования.

Президент Кыргызской Республики С.ЖАПАРОВ

г. Бишкек, 24 октября 2025 года, №234

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

«КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ МАМЛЕКЕТТИК ЖӨЛӨКПУЛДАР ЖӨНҮНДӨ» КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

2025-жылдын 24-сентябрында
Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган

1-берене

«Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2017-ж., №7-8, 765-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 5-беренеде:

а) 1-бөлүк төмөнкүдөй мазмундагы 6-пункт менен толукталсын:

«6) Кыргыз Республикасынын бийик тоолуу шарттарында жана алыскы жетүүгө кыйын зоналарда туруктуу жашаган, 2026-жылдын 1-январынан кийин төрт жана андан көп бала төрөгөн көп балалуу энелерге (Кыргыз Республикасынын жарандарына жана кайрылмандарга) бир жолку «Бала Береке» төлөмү (мындан ары - бир жолку «Бала Береке» төлөмү»).»;

б) төмөнкүдөй мазмундагы 5-бөлүк менен толукталсын:

«5. Бир жолку «Бала Береке» төлөмүнүн өлчөмү, дайындоо жана төлөө тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилет.»;

2) 10^2-бereнеинин 2-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«2. Бийик тоолуу жана алыскы жетүүгө кыйын зоналарда, өзгөчө статусу бар айрым чек арага чектеш аймактарда жайгашкан калктуу конуштарда жашоочу жарандар (үй-бүлөлөр), 16 жашка чейинки балдары бар муктаж жарандарга (үй-бүлөлөргө) ар айлык жөлөкпулду, үчүнчү жана андан кийинки ар бир баласына алар 3 жашка чыкканга чейин «үй-бүлөгө көмөк» ар айлык жөлөкпулун кошпогондо, алар мамлекеттик жөлөкпулдун башка түрлөрүн алгандыгына карабастан, «бийик тоолуу аймактардын жашоочуларына көмөк» ар айлык жөлөкпулун алууга укуктуу.»;

3) төмөнкүдөй мазмундагы 10^3-берене менен толукталсын:

«10^3-берене. Бир жолку «Бала Береке» төлөмүн дайындоо

1. Кыргыз Республикасынын бийик тоолуу шарттарында жана алыскы жетүүгө кыйын зоналарда туруктуу жашаган көп балалуу энелерге бир жолку «Бала Береке» төлөмү бала бир жашка чыкканда жүргүзүлөт.

2. Кыргыз Республикасынын бийик тоолуу шарттарында жана алыскы жетүүгө кыйын зоналарда туруктуу жашаган көп балалуу энелерге бир жолку «Бала Береке» төлөмүн дайындоодо райондук коэффициент колдонулбайт.»;

4) 11-беренеде:

а) 1-бөлүктүн экинчи абзацында «жана «бийик тоолуу аймактардын жашоочуларына көмөк» ар айлык жөлөкпулун» деген сөздөр «, бийик тоолуу аймактардын жашоочуларына көмөк» ар айлык жөлөкпулун жана бир жолку «Бала Береке» төлөмүн» деген сөздөргө алмаштырылсын;

14-бereнеинин 1-бөлүгүндө:

а) 9-пункт «үй-бүлөгө көмөк» деген сөздөрдөн кийин «, «бийик тоолуу аймактардын жашоочуларына көмөк», «Бала Береке» деген сөздөр менен толукталсын;

13-пунктта:

- мамлекеттик тилде «13) 16 жашка» деген сөздөр «13^1) 16 жашка» деген сөздөргө алмаштырылсын;

- расмий тилде «13) предоставления» деген сөздөр «13^1) предоставления» деген сөздөргө алмаштырылсын.

2-берене

1. Ушул Мыйзам расмий жарыялануу тийиш жана расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирүүчү ушул Мыйзамдын 1-беренесинин 5-пунктунун «б» пунктчасын кошпогондо, 2026-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирет.

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети 2026-жылдын 1-январына чейин өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

Кыргыз Республикасынын Президенти С.ЖАПАРОВ

Бишкек ш., 2025-жылдын 24-октябры, №232

ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ «О ГОСУДАРСТВЕННЫХ ПОСОБИЯХ В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ»

Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики
24 сентября 2025 года

Статья 1

Внести в Закон Кыргызской Республики «О государственных пособиях в Кыргызской Республике» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2017 г., №7-8, ст. 765) следующие изменения:

1) в статье 5:

а) часть 1 дополнить пунктом 6 следующего содержания:

«6) единовременная выплата «Бала Береке» многодетным матерям, постоянно проживающим в условиях высокогорья и отдаленных труднодоступных зонах Кыргызской Республики (гражданам Кыргызской Республики и кайрылманам), родившим четверых и более детей после 1 января 2026 года (далее - единовременная выплата «Бала Береке»).»;

б) дополнить частью 5 следующего содержания:

«5. Размер, порядок назначения и выплаты единовременной выплаты «Бала Береке» утверждаются Кабинетом Министров Кыргызской Республики.»;

2) часть 2 статьи 10^2 изложить в следующей редакции:

«2. Граждане (семьи), проживающие в населенных пунктах, расположенных в высокогорных и отдаленных труднодоступных зонах, на отдельных приграничных территориях, имеющих особый статус, имеют право на получение ежемесячного пособия «бийик тоолуу аймактардын жашоочуларына көмөк» независимо от того, получают ли они другие виды государственных пособий, за исключением ежемесячного пособия нуждающимся гражданам (семьям), имеющим детей до 16 лет, «үй-бүлөгө көмөк» на третьего и каждого последующего ребенка до достижения ими возраста 3 лет.»;

3) дополнить статьей 10^3 следующего содержания:

«Статья 10^3. Назначение единовременной выплаты «Бала Береке»

1. Единовременная выплата «Бала Береке» многодетным матерям, постоянно проживающим в условиях высокогорья и отдаленных труднодоступных зонах Кыргызской Республики, производится по достижении ребенком возраста одного года.

2. При назначении единовременной выплаты «Бала Береке» многодетным матерям, постоянно проживающим в условиях высокогорья и отдаленных труднодоступных зонах Кыргызской Республики, районный коэффициент не применяется.»;

4) в статье 11:

а) в абзаце втором части 1 слова «и ежемесячного пособия «бийик тоолуу аймактардын жашоочуларына көмөк» заменить словами «, ежемесячного пособия «бийик тоолуу аймактардын жашоочуларына көмөк» и единовременной выплаты «Бала Береке»;

б) в части 3 слова «и ежемесячное пособие «бийик тоолуу аймактардын жашоочуларына көмөк» заменить словами «, ежемесячное пособие «бийик тоолуу аймактардын жашоочуларына көмөк» и единовременная выплата «Бала Береке»;

в) в части 5 слова «и ежемесячного пособия «бийик тоолуу аймактардын жашоочуларына көмөк» заменить словами «, ежемесячного пособия «бийик тоолуу аймактардын жашоочуларына көмөк» и единовременной выплаты «Бала Береке»;

в части 1 статьи 14:

а) пункт 9 после слов «үй-бүлөгө көмөк» дополнить словами «, «бийик тоолуу аймактардын жашоочуларына көмөк», «Бала Береке»;

в пункте 13:

- на государственном языке слова «13^1 16 жашка» заменить словами «13^1) 16 жашка»;

- на официальном языке слова «13) предоставления» заменить словами «13^1) предоставления».

Статья 2

1. Настоящий Закон подлежит официальному опубликованию и вступает в силу с 1 января 2026 года, за исключением подпункта «б» пункта 5 статьи 1 настоящего Закона, который вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

2. Кабинету Министров Кыргызской Республики до 1 января 2026 года привести свои нормативные правовые акты в соответствие с настоящим Законом.

Президент Кыргызской Республики С.ЖАПАРОВ

г. Бишкек, 24 октября 2025 года, №232

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УКУК БУЗУУЛАР ЖӨНҮНДӨ КОДЕКСИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

2025-жылдын 25-сентябрында
Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган

1-берене

Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексине (“Эркин-Тоо” гезити, 2021-жылдын 16-ноябры, №122-133) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 520-бereнеинин 3-бөлүгү “электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталы” деген сөздөрдөн кийин «, мобилдик тиркеме” деген сөздөр менен толукталсын;

2) 543-берене төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“543-берене. Укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча документтерди тапшыруу жана жөнөтүү

1. Ушул Кодексте белгиленген учурларда, укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча документтер (аныктамалар, протоколдор, токтомдор, тескемелер) өндүрүштүн катышуучуларына сот же ыйгарым укуктуу орган (кызмат адамы) тарабынан тапшырылат. Тапшыруу жеке өзүнө, “Почта байланышы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамында белгиленген тартипте тапшырык почта жөнөтмөсү аркылуу же электрондук түрдө жүзөгө ашырылат.

2. Укук бузуу жөнүндөгү иш боюнча документ ага карата өндүрүш жүргүзүлүп жаткан адамга, же болбосо анын үй-бүлөсүнүн жашы жеткен мүчөлөрүнүн бирине, ошондой эле ага карата укук бузуу жөнүндө иш боюнча документ түзүлгөн адам каттаган жерде жашаган башка адамдарга жеке тапшырылган учурдан тартып тапшырылды деп эсептелет.

3. Ага карата өндүрүш жүргүзүлүп жаткан адамга кошумча билдирүү максатында электрондук документ электрондук почтанын дарегине же болбосо СМС-билдирүү аркылуу жөнөтүлүшү мүмкүн. Мындай жөнөтүү маалыматтык мүнөзгө ээ жана документти расмий тапшыруу фактысы болуп саналбайт.

4. Электрондук документти жеткирүү жана аны башка электрондук байланыш каналдары аркылуу жөнөтүү (маалымдоо) тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.”.

2-берене

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети алты айлык мөөнөттө өзүнүн чечимдерин ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

Кыргыз Республикасынын Президенти С.ЖАПАРОВ

Бишкек ш., 2025-жылдын 24-октябры, №233

ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В КОДЕКС КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ О ПРАВОНАРУШЕНИЯХ

Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики
25 сентября 2025 года

Статья 1

Внести в Кодекс Кыргызской Республики о правонарушениях (газета «Эркин-Тоо» от 16 ноября 2021 года №122-133) следующие изменения:

1) часть 3 статьи 520 после слов «государственный портал электронных услуг» дополнить словами «, мобильное приложение»;

2) статью 543 изложить в следующей редакции:

«Статья 543. Вручение и направление документов по делам о правонарушениях

1. В случаях, установленных настоящим Кодексом, документы (определения, протоколы, постановления, распоряжения) по делам о правонарушениях вручаются участникам производства судом или уполномоченным органом (должностным лицом). Вручение осуществляется лично путем направления заказного почтового отправления в порядке, установленном Законом Кыргызской Республики «О почтовой связи», либо в электронном виде.

2. Документ по делу о правонарушении считается врученным с момента личного вручения лицу, в отношении которого ведется производство, либо одному из совершеннолетних членов его семьи, а также иным лицам, проживающим по месту регистрации лица, в отношении которого составлены документы по делу о правонарушении.

3. В целях дополнительного оповещения лица, в отношении которого ведется производство, электронный документ может быть направлен на адрес электронной почты или посредством СМС-оповещения. Такое направление носит информационный характер и не является фактом официального вручения документа.

4. Порядок доставки электронного документа и его направления (информирования) по иным электронным каналам связи определяется Кабинетом Министров Кыргызской Республики.».

Статья 2

Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

Кабинету Министров Кыргызской Республики в шестимесячный срок привести свои решения в соответствие с настоящим Законом.

Президент Кыргызской Республики С.ЖАПАРОВ

г. Бишкек, 24 октября 2025 года, №233

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН 2016-ЖЫЛДЫН 30-ДЕКАБРЫНДАГЫ №308 “МАМЛЕКЕТТИК ЖАРАНДЫК КЫЗМАТЧЫЛАРГА, МУНИЦИПАЛДЫК КЫЗМАТЧЫЛАРГА ЖАНА БАШКА АДАМДАРГА КЛАССТЫК ЧЕНДЕРДИ ЫЙГАРУУ МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ” ЖАРЛЫГЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

ЖАРЛЫГЫ

Класстык чендерди ыйгаруу маселелерин укуктук жөнгө салууну өркүндөтүү максатында, “Аскердик наамдарды, класстык чендерди, атайын класстык чендерди жана атайын наамдарды белгилөө жөнүндө”, “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 71-беренесине ылайык **токтом кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2016-жылдын 30-декабрындагы №308 “Мамлекеттик жарандык кызматчыларга, муниципалдык кызматчыларга жана башка адамдарга класстык чендерди ыйгаруу маселелери жөнүндө” Жарлыгына төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда аталган Жарлык менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына класстык чендерди ыйгаруунун, төмөндөтүүнүн жана ажыратуунун тартибинде:

– 7-пункт төмөнкүдөй мазмундагы абзацтар менен толукталсын:

“Мамлекеттик жарандык кызматтын 1, 2, 3-класстагы кеңешчиси, муниципалдык кызматтын 1, 2, 3-класстагы кеңешчиси класстык ченине талапкер болгон кызматчылар үчүн мамлекеттик кызматта жана/же муниципалдык кызматта жалпы 5 жылдан кем эмес иш стажынын болушу жөнүндө талап белгиленет. Персоналды башкаруу маселелери боюнча түзүмдүк бөлүмдүн жетекчисинин, ал жок болсо – персоналды башкаруу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу адамдын сунушу боюнча кызматчыга бул талапты сактабастан кезектеги класстык чен ыйгарылышы мүмкүн.

Мамлекеттик жарандык кызматтын 1, 2, 3-класстагы мамлекеттик кеңешчиси, муниципалдык кызматтын 1, 2, 3-класстагы муниципалдык кеңешчиси класстык ченине талапкер болгон кызматчылар үчүн мамлекеттик жана/же муниципалдык кызматтагы иш стажы жалпы 10 жылдан кем эмес болушу жөнүндө талап белгиленет. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматынын жогорку класстык чендерин ыйгаруу, төмөндетүү жана ажыратуу жөнүндө сунуштарды кароо боюнча комиссиянын сунушу боюнча кызматчыга бул талапты сактабастан кезектеги класстык чен ыйгарылышы мүмкүн.”;

– 14-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“14. Мамлекеттик жарандык кызматтын жана муниципалдык кызматтын класстык чени болбогон кызматчыга биринчи класстык чен төмөнкүдөй ыйгарылат:

– кызматчы административдик кызмат ордуна дайындалгандан кийин бир жылдан эрте эмес (сыноо мөөнөтүн кошкондо) – ушул Тартиптин 35-пунктунда каралган учурларды кошпогондо, мамлекеттик жарандык кызматтын кенже испектору, муниципалдык кызматтын кенже инспектору, мамлекеттик жарандык кызматтын 1, 2, 3-класстагы инспектору, муниципалдык кызматтын 1, 2, 3-класстагы инспектору, мамлекеттик жарандык кызматтын 1, 2, 3-класстагы кеңешчиси, муниципалдык кызматтын 1, 2, 3-класстагы кеңешчиси класстык чендерине карата;

– кызматчы административдик кызмат ордуна дайындалгандан кийин эки жылдан эрте эмес (сыноо мөөнөтүн кошкондо) – ушул Тартиптин 35-пунктунда каралган учурларды кошпогондо, мамлекеттик жарандык кызматтын 1, 2, 3-класстагы мамлекеттик кеңешчиси, муниципалдык кызматтын 1, 2, 3-класстагы муниципалдык кеңешчиси класстык чендерине карата.

Муну менен бирге эгерде кызматчы бир мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын чегинде башка кызмат ордуна дайындалса, анда ыйгаруу үчүн мөөнөт ушул мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын бардык кызмат орундарында үзгүлтүксүз кызмат өтөгөн бардык жалпы мезгили боюнча эсептелет.

Мамлекеттик жарандык кызматтын 1, 2, 3-класстагы мамлекеттик кеңешчиси, муниципалдык кызматтын 1, 2, 3-класстагы муниципалдык кеңешчиси класстык чени каралган административдик кызмат ордун ээлеген кызматчыга анын арызы боюнча мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчиси тарабынан мамлекеттик жарандык кызматтын 1-класстагы кеңешчиси, муниципалдык кызматтын 1-класстагы кеңешчиси класстык чени тиешелүү түрдө ушул ченди ыйгарууга талаптарды сактоо шарты менен ыйгарылышы мүмкүн.”;

– 19-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“19. Мамлекеттик жарандык кызматтын 1, 2-класстагы мамлекеттик кеңешчиси, муниципалдык кызматтын 1, 2-класстагы муниципалдык кеңешчиси кезектеги класстык чени кызматчы мурдагы класстык ченде 3 жылдан кем эмес болгон шартта ыйгарылышы мүмкүн.”;

– 21-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“21. Кызматчы мурда ээлеген административдик кызмат ордунан кыйла жогорку категорияга кирген административдик кызмат ордуна дайындалганда аталган кызматчыга кезектеги класстык чен тиешелүү класстык ченде кызмат өтөө үчүн ушул Тартиптин 16 жана 17-пункттарында белгиленген мөөнөт аяктаганга чейин, бирок административдик кызмат ордун ээлегенден бир жылдан эрте эмес, бул административдик кызмат ордуна ылайык келген класстык ченден жогору эмес (ушул Тартиптин 7, 14-пункттарынын талаптарын эске алуу менен) ыйгарылышы мүмкүн.”;

– 22-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“22. Кызматчы мурда ээлеген административдик кызмат ордунан кыйла жогору топко кирген административдик кызмат ордуна дайындалганда аталган кызматчыга ушул Тартиптин 12, 13-пункттарына ылайык кызмат орундарынын ушул тобу үчүн биринчи болуп эсептелген, эгерде бул класстык чен анда болгон класстык ченден жогору болсо, кезексиз класстык чен ыйгарылышы мүмкүн.

Көрсөтүлгөн учурда класстык чен ырааттуулукту сактабастан жана мурдагы класстык чендеги кызматтын узактыгын эске албастан, бирок кызматчы административдик кызмат ордун ээлегенден бир жылдан эрте эмес берилет (ушул Тартиптин 7, 14-пункттарынын талаптарын эске алуу менен).”;

– 30-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“30. Мамлекеттик жарандык кызматтын 1, 2, 3-класстагы мамлекеттик кеңешчиси, муниципалдык кызматтын 1, 2, 3-класстагы муниципалдык кеңешчиси класстык ченин ыйгарууга сунуштар төмөнкү документтер менен киргизилет:

1) ушул Тартиптин тиркемесине ылайык жогорку класстык ченди ыйгарууга талапкер жөнүндө маалымкат;

2) адамды кылмыш жоопкерчилигине тартуу жөнүндө маалымкат;

3) паспорттун көчүрмөсү;

4) эмгек китепчесинин нотариалдык же иштеген жери боюнча персоналды башкаруу кызматы тарабынан күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү. Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын кадр маселелерин тейлеген түзүмдүк бөлүмү талапкердин талаптарга ылайык келишин аныктоо үчүн зарыл болгон кошумча документтерди жана материалдарды суроого жана алууга укуктуу.”;

– ушул Жарлыктын 1-тиркемесине ылайык тиркеме менен толукталсын;

2) жогоруда аталган Жарлык менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматынын жогорку класстык чендерин ыйгаруу, төмөндөтүү жана ажыратуу жөнүндө сунуштарды кароо боюнча комиссиянын курамында:

– тогузунчу абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“– Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин укуктук жактан камсыз кылуу башкармалыгынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешиндеги туруктуу өкүлү;”;

3) жогоруда аталган Жарлык менен бекитилген Саясий мамлекеттик кызмат орундарын, атайын мамлекеттик кызмат орундарын жана саясий муниципалдык кызмат орундарын ээлеген адамдарга класстык чендерди ыйгаруунун, төмөндөтүүнүн жана ажыратуунун тартибинде:

– 6-пункттун экинчи, үчүнчү абзацтары төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“– класстык чендердин улук тобу үчүн 5 жылдан кем эмес. Персоналды башкаруу маселелери боюнча түзүмдүк бөлүмдүн жетекчисинин, ал жок болсо – персоналды башкаруу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу адамдын сунушу боюнча кызмат адамына бул талапты сактабастан кезектеги класстык чен ыйгарылышы мүмкүн;

– класстык чендердин жогорку тобу үчүн 10 жылдан кем эмес. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматынын жогорку класстык чендерин ыйгаруу, төмөндөтүү жана ажыратуу жөнүндө сунуштарды кароо боюнча комиссиянын сунушу боюнча кызмат адамына бул талапты сактабастан кезектеги класстык чен ыйгарылышы мүмкүн.”;

– 13-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“13. Класстык чендердин улук тобунун алкагында биринчи класстык чен ушул Тартиптин 6-пунктунда белгиленген талаптарды эске алуу менен адам аталган саясий мамлекеттик кызмат ордуна, атайын мамлекеттик кызмат ордуна же саясий муниципалдык кызмат ордуна дайындалгандан кийин бир жылдан эрте эмес ыйгарылышы мүмкүн.

Класстык чендердин жогорку тобунун алкагында биринчи класстык чен ушул Тартиптин 6-пунктунда белгиленген талаптарды эске алуу менен адам аталган саясий мамлекеттик кызмат ордуна, атайын мамлекеттик кызмат ордуна же саясий муниципалдык кызмат ордуна дайындалгандан кийин 2 жылдан эрте эмес ыйгарылышы мүмкүн.

Эгерде адам бир мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын чегинде башка саясий мамлекеттик кызмат ордуна, атайын мамлекеттик кызмат ордуна же саясий муниципалдык кызмат ордуна дайындалса, анда биринчи класстык ченди ыйгаруу үчүн мөөнөт мамлекеттик органда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органында аталган кызмат орундарында үзгүлтүксүз иштеген жалпы бардык мезгили боюнча эсептелет.

Мамлекеттик жарандык кызматтын 1, 2, 3-класстагы мамлекеттик кеңешчиси, муниципалдык кызматтын 1, 2, 3-класстагы муниципалдык кеңешчиси класстык ченин ыйгаруу каралган кызмат ордун ээлеген төмөнкүдөй кызмат адамдарына алардын арызы боюнча мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчиси тарабынан мамлекеттик жарандык кызматтын 1-класстагы кеңешчиси, муниципалдык кызматтын 1-класстагы кеңешчиси класстык чени ушул Тартипте белгиленген бул ченди ыйгарууга талаптарды сактоо шарты менен ыйгарылышы мүмкүн:

– Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын кызматкерлерине (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин мүчөлөрүнөн тышкары);

– Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Аппаратынын кызматкерлерине;

– Кыргыз Республикасынын Президенти, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы тарабынан кызмат ордуна дайындалуучу жана кызмат ордунан бошотулуучу мамлекеттик органдардын жетекчилеринин орун басарларына.”;

– 16-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“16. Мамлекеттик жарандык кызматтын 1, 2, 3-класстагы мамлекеттик кеңешчиси жана муниципалдык кызматтын 1, 2, 3-класстагы муниципалдык кеңешчиси класстык ченин ыйгаруу үчүн Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына төмөнкүдөй документтер менен сунуш киргизилет:

1) ушул Тартиптин 2-тиркемесине ылайык жогорку класстык ченди ыйгарууга талапкер жөнүндө маалымкат;

2) адамды кылмыш жоопкерчилигине тартуу жөнүндө маалымкат;

3) паспорттун көчүрмөсү;

4) эмгек китепчесинин нотариалдык же иштеген жери боюнча персоналды башкаруу кызматы тарабынан күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү.

Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын кадр маселелерин тейлеген түзүмдүк бөлүмү талапкердин талаптарга ылайык келишин аныктоо үчүн зарыл болгон кошумча документтерди жана материалдарды суроого жана алууга укуктуу.”;

– төмөнкүдөй мазмундагы 18^1-пункт менен толукталсын:

“18^1. Класстык ченди сактоо тартибинде кызмат адамына мамлекеттик жарандык кызматтын 1, 2, 3-класстагы кеңешчиси, муниципалдык кызматтын 1, 2, 3-класстагы кеңешчиси, мамлекеттик жарандык кызматтын 1, 2, 3-класстагы инспектору, муниципалдык кызматтын 1, 2, 3-класстагы инспектору, мамлекеттик жарандык кызматтын кенже инспектору, муниципалдык кызматтын кенже инспектору класстык ченин ыйгаруу кызмат адамынын кайрылуусунун негизинде мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчиси тарабынан жүргүзүлөт (тиешелүү аскердик наамды, атайын класстык ченди же атайын наамды ыйгаруу жөнүндө чечимден күбөлөндүрүлгөн көчүрмөнү тиркөө менен).”;

– Саясий мамлекеттик кызмат орундарын, атайын мамлекеттик кызмат орундарын жана саясий муниципалдык кызмат орундарын ээлеген адамдарга класстык чендерди ыйгаруунун, төмөндөтүүнүн жана ажыратуунун тартибинин 1-тиркемесинде:

3-пункттун үчүнчү абзацы “, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Виртуалдык активдер жана блокчейн-технологиялар чөйрөсүн өнүктүрүү боюнча улуттук кеңештин катчылыгынын жетекчиси” деген сөздөр менен толукталсын;

4-пункттун экинчи абзацы “, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Виртуалдык активдер жана блокчейн-технологиялар чөйрөсүн өнүктүрүү боюнча улуттук кеңештин катчылыгынын жетекчисинин орун басары” деген сөздөр менен толукталсын;

– жогоруда аталган Тартиптин 2-тиркемеси ушул Жарлыктын 2-тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

2. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Президенти **С.ЖАПАРОВ**

Бишкек ш., 2025-жылдын 24-октябры, №296

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2025-ЖЫЛДЫН 5-СЕНТЯБРЫНДАГЫ №564 “БИШКЕК ШААРЫНЫН АЙМАГЫНДА ЖАЙГАШКАН ЖЕР ТИЛКЕСИН “АЙЫЛ ЧАРБА БАГЫТЫНДАГЫ ЖЕРЛЕР” КАТЕГОРИЯСЫНАН “КАЛКТУУ КОНУШТАРДЫН ЖЕРЛЕРИ” КАТЕГОРИЯСЫНА КОТОРУУ (ТРАНСФОРМАЦИЯЛОО) ЖӨНҮНДӨ” ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

"Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 5-сентябрындагы №564 “Бишкек шаарынын аймагында жайгашкан жер тилкесин “Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясынан “Калктуу конуштардын жерлери” категориясына которуу (трансформациялоо) жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

– 1-пунктта “Э.Ж. Айтымбетованын” деген сөздөр “Э.Ж. Айтымбетовдун” деген сөздөргө алмаштырылсын.

2. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы **А.КАСЫМАЛИЕВ**

Бишкек ш., 2025-жылдын 24-октябры, №696

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

2025-ЖЫЛДЫН 30-НОЯБРЫНА ДАЙЫНДАЛГАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТАРЫН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ШАЙЛООДО ЭЛ АРАЛЫК БАЙКООЧУЛАРДЫ АККРЕДИТАЦИЯЛОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 30-сентябрындагы ПЖ №272 “Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону дайындоо жөнүндө” Жарлыгына ылайык, “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10-беренесин, “Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4, 8-беренелерин, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2016-жылдын 9-ноябрындагы №197 «Кыргыз Республикасында шайлоолорду жана референдумдарды өткөрүүдө эл аралык (чет элдик) байкоочулардын ишинин тартиби, статусу жана ыйгарым укуктары жөнүндө» токтому менен бекитилген жобону жетекчиликке алып, эл аралык уюмдардан келип түшкөн билдирмелердин негизинде, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы **токтом кылат:**

1. Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигинин байкоочулар миссиясынын, Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигинин Парламенттер аралык Ассамблеясынын, Кыргыз Республикасындагы Беларусь Республикасынын Элчилигинин жана Кыргыз Республикасындагы Россия Федерациясынын Элчилигинин өкүлдөрү тиркемеге ылайык Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоодо эл аралык байкоочулар катары аккредитациялансын.

2. Аккредитацияланган эл аралык байкоочуларга белгиленген үлгүдөгү күбөлүк берилсин.

3. Ушул токтом “Эркин Тоо” мамлекеттик расмий гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

4. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А.С. Жупуевага жүктөлсүн.

Төрага **Т. ШАЙНАЗАРОВ**

Бишкек ш., 2025-жылдын 24-октябры, №119

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2025-жылдын 24-октябрындагы №119 токтомуна тиркеме

Аккредитацияланган эл аралык байкоочулардын тизмеси

№ к/н	Тас. №	Уюм	Фамилиясы аты-жөнү	Өлкө	Ээлеген кызмат орду
1.	01.	**Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигинин (КМШ) Миссиясы**	Петришенко Игорь Викторович	Беларусь Республикасы	Миссиянын башчысы, КМШнын Башкы катчысынын биринчи орун басары
2.	02.	КМШ Миссиясы	Козяк Евгений Винцентьевич	Беларусь Республикасы	КМШнын Аткаруу комитетинин бөлүм башчысы
3.	03.	КМШ Миссиясы	Осипчик Денис Владимирович	Беларусь Республикасы	КМШнын Аткаруу комитетинин бөлүм башчысынын орун басары
4.	04.	КМШ Миссиясы	Краснобаев Виталий Витальевич	Беларусь Республикасы	Басма сөз кызматынын жетекчисинин орун басары
5.	05.	КМШ Миссиясы	Кулеба Олег Викторович	Беларусь Республикасы	КМШнын Аткаруу комитетинин кеңешчиси
6.	06.	КМШ Миссиясы	Афонина Марина Владимировна	Россия Федерациясы	КМШнын Аткаруу комитетинин кеңешчиси
7.	07.	КМШ Миссиясы	Савунов Иван Михайлович	Беларусь Республикасы	КМШ Аткаруу комитетинин кеңешчиси
8.	08.	КМШ Миссиясы	Проскурова Наталья Варленовна	Беларусь Республикасы	КМШнын Аткаруу комитетинин кеңешчиси
9.	09.	**КМШ Парламенттер аралык Ассамблеясы (КМШ ПАА)**	Кобицкий Дмитрий Аркадьевич	Россия Федерациясы	КМШ ПАА Кеңешинин Башкы катчысы – КМШ ПАА Кеңешинин Катчылыгынын жетекчиси
10.	010.	КМШ ПАА	Джафаров Айдын Мамед оглы	Азербайжан Республикасы	КМШ ПАА Кеңешинин Башкы катчысынын орун басары – Азербайжан Республикасынын Межлисинин КМШ ПААдагы ыйгарым укуктуу өкүлү
11.	011.	КМШ ПАА	Чилингарян Айк Марселович	Армения Республикасы	КМШ ПАА Кеңешинин Башкы катчысынын орун басары – Армения Республикасынын Улуттук Жыйынынын КМШ ПААдагы ыйгарым укуктуу өкүлү
12.	012.	КМШ ПАА	Мукашев Асхат Каирбекович	Казакстан Республикасы	КМШ ПАА Кеңешинин Башкы катчысынын орун басары – Казакстан Республикасынын Улуттук Жыйынынын КМШ ПААдагы ыйгарым укуктуу өкүлү
13.	013.	КМШ ПАА	Соколова Ирина Валерьевна	Россия Федерациясы	КМШ ПАА Кеңешинин Башкы катчысынын орун басары – Россия Федерациясынын Федералдык жыйынынын КМШ ПААдагы ыйгарым укуктуу өкүлү
14.	014.	КМШ ПАА	Гафурзода Абдухалил Давлатали	Тажикстан Республикасы	КМШ ПАА Кеңешинин Башкы катчысынын орун басары – Тажикстан Республикасынын Улуттук Жыйынынын КМШ ПААдагы ыйгарым укуктуу өкүлү
15.	015.	КМШ ПАА	Мушкет Иван Ильич	Россия Федерациясы	КМШ ПАА Кеңешинин Башкы катчысынын орун басары – КМШ ПААга мүчө мамлекеттердин демократияны, парламентаризмди жана жарандардын шайлоо укуктарын өнүктүрүүгө мониторинг жүргүзүү эл аралык институтунун (КМШ ПАА ДӨМЭАИ) директору
16.	016.	КМШ ПАА	Караваев Сергей Георгиевич	Россия Федерациясы	КМШ ПАА Кеңешинин Башкы катчысынын кеңешчиси
17.	017.	КМШ ПАА	Пашнов Павел Леонидович	Россия Федерациясы	КМШ ПАА Кеңешинин Катчылыгынын маалымат-басма башкармалыгынын башчысы
18.	018.	КМШ ПАА	Еременко Елена Викторовна	Россия Федерациясы	КМШ ПАА ДӨМЭАИ директорунун орун басары
19.	019.	КМШ ПАА	Гнездилова Ольга Валентиновна	Россия Федерациясы	КМШ ПАА Кеңешинин Катчылыгынын басма сөз кызматынын жетекчиси
20.	020.	КМШ ПАА	Амбурцев Роман Альбертович	Россия Федерациясы	КМШ ПАА ДӨМЭАИ талдоо бөлүмүнүн башчысы
21.	021.	КМШ ПАА	Ксендзов Александр Николаевич	Россия Федерациясы	КМШ ПАА ДӨМЭАИ филиалдар менен иштөө бөлүмүнүн башчысы
22.	022.	КМШ ПАА	Кондрин Максим Дмитриевич	Россия Федерациясы	КМШ ПАА ДӨМЭАИ шайлоого талдоо жана байкоо жүргүзүү бөлүмүнүн кеңешчиси
23.	023.	КМШ ПАА	Кривошеин Савелий Александрович	Россия Федерациясы	КМШ ПАА ДӨМЭАИ филиалдар менен иштөө бөлүмүнүн кеңешчиси
24.	024.	КМШ ПАА	Громская Наталья Александровна	Россия Федерациясы	КМШ ПАА ДӨМЭАИ шайлоого талдоо жана байкоо жүргүзүү бөлүмүнүн консультанты
25.	025.	КМШ ПАА	Ромашов Роман Анатольевич	Россия Федерациясы	КМШ ПАА ДӨМЭАИ эксперти
26.	026.	**Кыргыз Республикасындагы Беларусь Республикасынын элчилиги**	Молунов Сергей Петрович	Беларусь Республикасы	Кыргыз Республикасындагы Беларусь Республикасынын Атайын жана Ыйгарым укуктуу Элчиси
27.	027.	Кыргыз Республикасындагы Беларусь Республикасынын элчилиги	Семашко Виталий Евгеньевич	Беларусь Республикасы	Кыргыз Республикасындагы Беларусь Республикасынын элчилигинин кеңешчиси
28.	028.	**Кыргыз Республикасындагы Россия Федерациясынын элчилиги**	Домбровский Денис Михайлович	Россия Федерациясы	Үчүнчү катчы
29.	029.	Кыргыз Республикасындагы Россия Федерациясынын элчилиги	Александров Михаил Андреевич	Россия Федерациясы	Атташе

БЕКЕШЕВ ДАСТАН ДАЛАБАЙЕВИЧТИ №22 КӨП МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕР КЫЛЫП КАТТОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ЧЕЧИМИ

2025-жылдын 3-октябрында Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына Д.Д. Бекешевден №22 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер кылып өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде шайлоого катышуу ниети жөнүндө арыз келип түшкөн.

2025-жылдын 9-октябрында Д.Д. Бекешев 2025-жылдын 30-ноябрына дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоого талапкер катары каттоо үчүн документтеринин толук топтомун берген.

Талапкерлер, саясий партиялар тарабынан сунушталган шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топ Д.Д. Бекешевдин Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлерге коюлуучу мыйзамдардын талаптарына ылайык келерин аныктаган жана аны талапкер кылып каттоону сунуштаган.

Жогоруда аталган жумушчу топтун 2025-жылдын 17-октябрындагы №22 шайлоо округу боюнча Бекешев Дастан Далабайевичти Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер кылып каттоо жөнүндө корутундусун, “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 61-беренесин жетекчиликке алып, “Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы **чечим кылат:**

1. Бекешев Дастан Далабайевич №22 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер болуп катталсын.

2. №22 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер Д.Д. Бекешевге белгиленген үлгүдөгү ырастама берилсин.

3. Бул чечим “Эркин-Тоо” мамлекеттик расмий гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

4. Бул чечимдин аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо Талапкерлер, саясий партиялар тарабынан сунушталган шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топтун жетекчиси А.С. Жупуевага жүктөлсүн.

5. Бул чечим кабыл алынган күндөн тартып күчүнө кирет.

Төрага **Т. ШАЙНАЗАРОВ**

Бишкек ш., 2025-жылдын 17-октябры, №211

АЛИМЖАНОВА НИЛУФАР ЯКУБЖАНОВНАНЫ №4 КӨП МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕР КЫЛЫП КАТТОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ЧЕЧИМИ

2025-жылдын 3-октябрында Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына Н.Я. Алимжановадан №4 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер кылып өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде шайлоого катышуу ниети жөнүндө арыз келип түшкөн.

2025-жылдын 8-октябрында Н.Я. Алимжанова 2025-жылдын 30-ноябрына дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоого талапкер катары каттоо үчүн документтеринин толук топтомун берген.

Талапкерлер, саясий партиялар тарабынан сунушталган шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топ Н.Я. Алимжанованын Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлерге коюлуучу мыйзамдардын талаптарына ылайык келерин аныктаган жана аны талапкер кылып каттоону сунуштаган.

Жогоруда аталган жумушчу топтун 2025-жылдын 17-октябрындагы №4 шайлоо округу боюнча Алимжанова Нилуфар Якубжановнаны Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер кылып каттоо жөнүндө корутундусун, “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 61-беренесин жетекчиликке алып, “Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы **чечим кылат:**

1. Алимжанова Нилуфар Якубжановна №4 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер болуп катталсын.

2. №4 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер Н.Я. Алимжановага белгиленген үлгүдөгү ырастама берилсин.

3. Бул чечим “Эркин-Тоо” мамлекеттик расмий гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

4. Бул чечимдин аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо Талапкерлер, саясий партиялар тарабынан сунушталган шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топтун жетекчиси А.С. Жупуевага жүктөлсүн.

5. Бул чечим кабыл алынган күндөн тартып күчүнө кирет.

Төрага **Т. ШАЙНАЗАРОВ**

Бишкек ш., 2025-жылдын 17-октябры, №212

НАБИЕВА АСЕЛЬ БУРХАНОВНАНЫ №1 КӨП МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕР КЫЛЫП КАТТОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ЧЕЧИМИ

2025-жылдын 2-октябрында Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына А.Б. Набиевадан №1 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер кылып өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде шайлоого катышуу ниети жөнүндө арыз келип түшкөн.

2025-жылдын 8-октябрында А.Б. Набиева 2025-жылдын 30-ноябрына дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоого талапкер катары каттоо үчүн документтеринин толук топтомун берген.

Талапкерлер, саясий партиялар тарабынан сунушталган шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топ А.Б. Набиеванын Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлерге коюлуучу мыйзамдардын талаптарына ылайык келерин аныктаган жана аны талапкер кылып каттоону сунуштаган.

Жогоруда аталган жумушчу топтун 2025-жылдын 17-октябрындагы №1 шайлоо округу боюнча Набиева Асель Бурхановнаны Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер кылып каттоо жөнүндө корутундусун, “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 61-беренесин жетекчиликке алып, “Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы **чечим кылат:**

1. Набиева Асель Бурхановна №1 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер болуп катталсын.

2. №1 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер А.Б. Набиевага белгиленген үлгүдөгү ырастама берилсин.

3. Бул чечим “Эркин-Тоо” мамлекеттик расмий гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

4. Бул чечимдин аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо Талапкерлер, саясий партиялар тарабынан сунушталган шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топтун жетекчиси А.С. Жупуевага жүктөлсүн.

5. Бул чечим кабыл алынган күндөн тартып күчүнө кирет.

Төрага **Т. ШАЙНАЗАРОВ**

Бишкек ш., 2025-жылдын 17-октябры, №213

ТЕМИРБАЕВА МИРГУЛ ОМУРЗАКОВНАНЫ №1 КӨП МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕР КЫЛЫП КАТТОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ЧЕЧИМИ

2025-жылдын 6-октябрында Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына М.О. Темирбаевадан №1 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер кылып өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде шайлоого катышуу ниети жөнүндө арыз келип түшкөн.

2025-жылдын 9-октябрында М.О. Темирбаева 2025-жылдын 30-ноябрына дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоого талапкер катары каттоо үчүн документтеринин толук топтомун берген.

Талапкерлер, саясий партиялар тарабынан сунушталган шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топ М.О. Темирбаеванын Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлерге коюлуучу мыйзамдардын талаптарына ылайык келерин аныктаган жана аны талапкер кылып каттоону сунуштаган.

Жогоруда аталган жумушчу топтун 2025-жылдын 17-октябрындагы №1 шайлоо округу боюнча Темирбаева Миргул Омурзаковнаны Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер кылып каттоо жөнүндө корутундусун, “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 61-беренесин жетекчиликке алып, “Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы **чечим кылат:**

1. Темирбаева Миргул Омурзаковна №1 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер болуп катталсын.

2. №1 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер М.О. Темирбаевага белгиленген үлгүдөгү ырастама берилсин.

